**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары жана**
**медициналык буюмдар**
**департаментинин директорунун**
**орун басары**
**Кысанов Т.А.**
**«29» август 2025-ж.**

**Кошумча баракча – бейтап үчүн маалымат**

**Септолете® тотал, 0,15 мг + 0,5 мг/доза, жергиликтүү колдонуу үчүн дозаланган спрей**

Таасир берүүчү заттар: бензидамин + цетилпиридиния хлорид

**Препаратты колдонуунун алдында кошумча баракчаны толугу менен окуп чыгыңыз, анткени анда сиз үчүн маанилүү маалымат камтылган.**
Препаратты ар дайым кошумча баракчанын ичиндеги же дарылоочу дарыгердин же дарыкана кызматкеринин сунуштарына ылайык колдонуңуз.
Кошумча баракчаны сактап коюңуз. Сизге ал кайра окуп чыгууга керек болушу мүмкүн.
Эгерде сизде кошумча суроолор пайда болсо, анда дарыкана кызматкерине кайрылыңыз.
Эгерде сизде кандайдыр бир жагымсыз реакциялар пайда болсо, дарылоочу дарыгериңизге же дарыкана кызматкерине кайрылыңыз. Бул сунуш ар кандай мүмкүн болгон жагымсыз реакцияларга, анын ичинде кошумча баракчанын 4-бөлүмүндө саналбагандарга да тиешелүү.
Эгерде абал жакшырбаса же начарлап кетсе, анда сиз дарыгерге кайрылышыңыз керек.

## КОШУМЧА БАРАКЧАНЫН МАЗМУНУ

1. Септолете® тотал препараты деген эмне жана ал эмне үчүн колдонулат.
2. Септолете® тотал препаратын кабыл алуунун алдында эмнелерди билүү керек.
3. Септолете® тотал препаратын кабыл алуу.
4. Мүмкүн болгон жагымсыз реакциялар.
5 Септолете® тотал препаратын сактоо.
6. Таңгактоонун курамы жана башка маалыматтар.

### 1. Септолете® тотал препараты деген эмне жана ал эмне үчүн колдонулат.

Септолете® тотал препараты бензидамин жана цетилпиридиний хлориди таасир берүүчү заттарды камтыйт. Тамак ооруларын дарылоочу препараттар тобуна кирет. Бензидамин- стероиддик эмес сезгенүүгө каршы, сезгенүүгө каршы, ооруну басуучу жана жергиликтүү анестетиктерге ээ. Цетилпиридиний хлориди - антисептик, микробго каршы, грибокко каршы, вируска каршы таасир берет.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**
Септолете® тотал препараты чоңдордо жана курагы 6 жаштан жогору балдарда колдонууга

көрсөтүлөт.

- Ооз көңдөйүнүн жана ЛОР органдарынын сезгенүү ооруларынын (ар кандай этиологиядагы), анын ичинде комплекстүү дарылоо курамында тонзиллиттердин, фарингиттердин оору синдромунун симптоматикалык дарылоосу.

## 2. Септолете® тотал препаратын кабыл алуунун алдында эмнелерди билүү керек

**Каршы көрсөтмөлөр**

**Септолете® тотал препаратын төмөнкү учурларда кабыл албаңыз:**

- эгер бензидаминге, цетилпиридиний хлоридине же препараттын башка компоненттерине карата аллергияңыз болсо (кошумча баракчанын 6-бөлүмүндө келтирилген);
- курагы 6 жашка чейинки балдарда;
- эгерде сиз кош бойлуу же эмчек эмизген болсоңуз.

Эгерде тизмеде аталгандырдын бири сизге тиешелүү болсо (же сизде шектенүү бар болсо), милдеттүү түрдө дарылоочу дарыгериңизге билдириңиз.

**Атайын көрсөтмөлөр жана сактык чаралары**

Септолете® тотал препаратын колдонуунун алдында дарылоочу дарегириңиз же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз:

- эгерде сизде ацетилсалицил кислотасына же башка стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттарга карата өтө сезгичтик бар болсо;
- эгерде сизде бронхиалдык астма бар болсо (мурда диагноз коюлган);
- эгерде сизде боор оорусу бар болсо;
- эгерде сиз алкоголду көп ичсеңиз;
- эгер сизде баш сөөк-мээ жаракаты же башка мээ оорулары бар болсо.

Териде аллергиялык реакция (исиркектер, кычышуу) пайда болсо, препаратты кабыл алууну токтотуп, дарыгер менен кеңешишиңиз керек (кошумча баракчанын "Мүмкүн болгон жагымсыз реакциялар" 4-бөлүмүн караңыз).

Эгерде сизде ооздун жана тамактын былжыр челинин жарасы 3 күндөн ашык сакталса, дарыгерге кеңеш алууга кайрылыңыз.

Препаратты тиш жуунун алдында же андан кийин кабыл албаңыз.

Препаратты кабыл алуу учурунда Септолете® тотал препаратын көздүн былжыр челине тийгизбеңиз жана препаратты дем албаңыз.

**Балдар жана өспүрүмдөр**

Препарат курагы 0 жаштан 6 жашка чейинки балдарга каршы көрсөтүлөт (кошумча баракчанын "Каршы көрсөтмөлөр" 2-бөлүмүн караңыз).

Курагы 6 жаштан 12 жашка чейинки балдарга препаратты колдонуунун алдында дарылоочу дарыгериңиз менен кеңешиңиз (кошумча баракчанын "Сунушталган доза" аттуу 3-бөлүмүн караңыз).

**Башка препараттар жана Септолете® тотал препараты**

Дарылоочу дарыгериңизге сиз кабыл алып жаткан, жакында кабыл алган же кабыл ала турган препараттар жөнүндө айтыңыз.

Септолете® тотал препаратын антисептиктер тобундагы башка препараттар менен бирге кабыл албаңыз.

**Кош бойлуулук, эмчек эмизүү жана фертилдүүлүк**

Эгерде сиз кош бойлуу же эмизген болсоңуз, кош бойлуу болушум мүмкүн деп ойлосоңуз же кош бойлуулукту пландаштырып жатсаңыз, бул препаратты колдонуунун алдында дарыгериңиз же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз.

Эгерде сиз кош бойлуу болсоңуз же эмизип жатсаңыз Септолете® тотал препаратын кабыл албаңыз.

Кош бойлуулук

Септолете® тотал препаратын кош бойлуу мезгилде кабыл алуу каршы көрсөтүлөт.

Эмчек эмизүү

Септолете® тотал препаратын эмизип жаткан аялдарга кабыл алуу каршы көрсөтүлөт. Эгер препаратты колдонуу керек болсо, эмчек эмизүүнү токтотуу зарыл.

**Унаа каражаттарын башкаруу жана механизмдер менен иштөө**

Көңүлдүн жогорку концентрациясын жана психомотордук реакциялардын тездигин талап кылган (унаа каражаттарын башкаруу, механизмдер менен иштөө, ошондой эле диспетчердин, оператордун иши) иштин потенциалдуу кооптуу түрлөрүн аткарууда этият болуңуз.

**Септолете® тотал препаратынын курамында этанол камтылган**

Бул дары препараты бир дозага 100 мг дан аз этанолду (алкоголь) камтыйт (препараттын бир дозасы 0,1 мл 26,4 мг этанолду камтыйт).

**3. Септолете® тотал препаратын кабыл алуу**

Бул препаратты дайыма ушул кошумча баракчага ылайык колдонуңуз. Эгерде күмөн санасаңыз, дарылоочу дарыгерден же дарыкана кызматкеринен кеңеш алыңыз.

**Сунушталган доза**

*Чоңдор жана курагы 12 жаштан жогору балдар*

Бир дозаны алуу үчүн чачыраткычтын башын 1-2 жолу басуу керек.

Ар бир 2 саат сайын, күнүнө 3-5 жолу 4 күн бою колдонуу сунушталат.

*Курагы 6 жаштан 12 жашка чейинки балдар*


Бир дозаны алуу үчүн чачыраткычтын башын 1 жолу басуу керек. Ар бир 2 саат сайын, күнүнө 3-5 жолу 4 күн бою колдонуу сунушталат.

Курагы 6 жаштан 12 жашка чейинки балдарда препаратты дарыгердин кеңешинен кийин гана колдонуу керек.


**Колдонуу ыкмасы**

Жергиликтүү. Оптималдуу натыйжага жетүү үчүн, препаратты тиш жуунун алдында же андан кийин колдонуу сунушталбайт.

Септолете® тотал препаратын биринчи жолу колдонуунун алдында, бирдей чачылганга чейин, дозалоочу аппараттын чачыраткыч башын бир нече жолу басуу керек. Эгерде Септолете® тотал препараты узак убакыт бою колдонулбаса (жок дегенде 1 жума бою), бирдей чачылганга чейин дозалоочу аппараттын чачыратуучу башын 1 жолу басуу керек.




Колдонуу алдында түстүү коргоочу капкакты чечүү керек.




Оозуңузду чоң ачып, аппликатор түтүгүн ооз көңдөйүнө багыттаңыз, демиңизди кармап туруп, чачыраткычтын башын 1-2 жолу басыңыз.

Септолете® тотал препараттын ар бир колдонгондон кийин чачыраткычтын башын түстүү коргоочу капкак менен жабыңыз.
Чачыраткыч башын бир жолу басканда 0,1 мл спрей эритмеси чыгат, анда 0,15 мг бензидамин жана 0,5 мг цетилпиридиний хлориди камтылган.
Препаратты кошумча баракчада көрсөтүлгөн колдонуу ыкмасына ылайык жана дозада гана колдонуңуз.

**Колдонуу узактыгы**
Эгерде сиздин абалыңыз жакшырбаса же 4 күндүк дарылоодон кийин өзүңүздү начар сезсеңиз, дарыгериңиз менен кеңешиңиз. Жаңы белгилер байкалса, сөзсүз түрдө дарыгериңиз менен кеңешиңиз.
Препаратты 7 күндөн ашык колдонбоңуз.

**Эгерде сиз Септолете® тотал препаратын керектегенден көбүрөөк колдонгон болсоңуз**
Препаратты сунушталгандан дозадан көп колдонбоңуз. Эгерде сиз Септолете® тотал препаратын керектүүдөн көбүрөөк колдонгон болсоңуз, дароо дарыгерге кайрылыңыз.

**Эгерде сиз Септолете® тотал препаратын кабыл алууну унутуп калсаңыз**
Эгерде сиз препараттын кезектеги дозасын колдонууну унутуп калсаңыз, кабатыр болбоңуз. Эстегенден кийин жергиликтүү колдонуу үчүн спрейди керектүү дозада колдонуп, андан кийин кадимкидей улантыңыз. Препараттын өткөрүп жиберген дозасынын ордун толтуруу үчүн жергиликтүү колдонуу үчүн спрейдин эки дозасын колдонбоңуз.

Препаратты колдонуу боюнча суроолоруңуз болсо, дарылоочу дарыгериңизге же дарыкана кызматкерине кайрылыңыз.

## 4. Мүмкүн болгон жагымсыз реакциялар

Бардык дары препараттары сыяктуу эле, Септолете® тотал препараты жагымсыз реакцияларды жаратышы мүмкүн, бирок алар баарында эле боло бербейт.
**Төмөнкү олуттуу жагымсыз реакциялардын бири пайда болсо Септолете® тотал препаратын колдонууну токтотуңуз жана дароо медициналык жардамга кайрылыңыз:**

**Сейрек** (1000 адамдын ичинен 1 ашык эмес адамда пайда болушу мүмкүн):

- капыстан пайда болгон ышкырык коштолгон дем алуу, көкүрөктүн оорушу, энтигүү же дем алуунун кыйындашы (бронхоспазм).

**Белгисиз** (колдо болгон маалыматтар боюнча пайда болуу жыштыгын баалоо мүмкүн эмес):

- гиперсезгичтик реакциясы, анын ичинде анафилактикалык реакция (ангионевротикалк шишимик): бет, эрин, тил жана тамак шишип, дем алуу жана жутуу кыйынчылыктары менен коштолушу мүмкүн.

**Септолете® тотал препаратын колдонууда байкалышы мүмкүн болгон башка мүмкүн болгон жагымсыз реакциялар:**

**Сейрек** (1000 адамдын ичинен 1 ашык эмес адамда пайда болушу мүмкүн):

- бөрү жатыш;
- күн тийгенде теринин сезгичтиги жогорулайт (фотосезгичтик).

**Өтө сейрек** (10 000 адамдын ичинен 1 ашык эмес адамда пайда болушу мүмкүн):

- оздун былжыр челинин дүүлүгүүсү;
- ооз көңдөйүндө күйүү сезими.

**Белгисиз** (колдо болгон маалыматтар боюнча пайда болуу жыштыгын баалоо мүмкүн эмес):

- ооз көңдөйүнүн былжыр челинин сезбей калышы;
- теринин кычышы.

**Жагымсыз реакциялар жөнүндө билдирүүлөр**

Эгерде сизде кандайдыр бир жагымсыз реакциялар пайда болсо, дарыгериңиз же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз. Бул сунуш бардык мүмкүн болгон жагымсыз реакцияларга, анын ичинде кошумча баракчада аталбаган реакцияларга да жайылтылат. Сиз ошондой эле Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттин аймагында табылган дары препараттарынын натыйжасыздыгы жөнүндө билдирүүлөрдү кошо алганда, дары препараттарына жагымсыз реакциялар (аракеттер) боюнча маалыматтар базасына жагымсыз реакциялар жөнүндө билдирсеңиз болот. Жагымсыз реакциялар жөнүндө кабарлоо менен, сиз препараттын коопсуздугу жөнүндө көбүрөөк билүүгө жардам бересиз.

*Россия Федерациясы*
109012, Москва ш., Славянск аянты, 4-үй, 1-курулуш
Саламаттык сактоону көзөмөлдөө боюнча федералдык кызмат
Тел.: +7 (800) 550 99 03
Электрондук почтанын дареги: pharm@roszdravnadzor.gov.ru
Веб-сайты: www.roszdravnadzor.gov.ru

*Беларусь Республикасы*
220037, Минск ш., Товарищеский туюк көчөсү, 2а үй
“Саламаттык сактоодогу экспертизалар жана сыноолор борбору” Республикалык унитардык ишканасы
Тел.: + 375 (17) 242 00 29

Электрондук почтанын дареги: rcpl@rceth.by
Веб-сайты: www.rceth.by

*Казакстан Республикасы*
010000, Байконыр району, Астана ш., А. Иманов көч., 13-үй, «Нурсаулет 2» ББ
Казакстан Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин медициналык жана фармацевтикалык контролдоо комитетинин “Дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды экспертизалоонун улуттук борбору” ЧЖУна РМИ
Тел.: + 7 7172 235 135
Электрондук почтанын дареги: farm@dari.kz
Веб-сайты: www.ndda.kz

*Армения Республикасы*
0051, Ереван ш., Комитас проспектиси, 49/5 үй
“Академик Э.Габриелян атындагы дары каражаттарынын жана медициналык технологиялар экспертизасынын илимий борбору”
Тел.: + 374 60 83 00 73
Электрондук почтанын дареги: admin@pharm.am, vigilance@pharm.am, letters@pharm.am
Веб-сайты: http://www.pharm.am

*Кыргыз Республикасы*
720044, Чүй областы, Бишкек ш., 3-линия көч., 25-үй
Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти
Тел.: + 996 (312) 21 92 86
Электрондук почтанын дареги: dlsmi@pharm.kg
Веб-сайты: www.pharm.kg

## 5. Септолете® тотал препаратын сактоо

Препараттын жаш балдар көрбөй турган, жете албаган жерде сактоо керек.
Препаратты таңгакта «Чейин жарактуу:» сөздөрүнө чейин көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү (сактоо мөөнөтү) бүткөндөн кийин колдонбоңуз.
Жарактуулук мөөнөтүнүн бүтө турган күнү ошол айдын акыркы күнү болуп саналат.
25°С дан жогору эмес аба табында, өзүнүн таңгагында (флакон) сактоо керек.
Флакон ачылгандан кийин, препаратты 12 ай иичнде колдонуу керек.
Препаратты канализацияга (суу өтүүчү түтүккө) ыргытпаңыз. Дарыкана кызматкеринен колдонулбай калган препаратты жок кылуунун жолун сураңыз. Сиздин бул аракеттериңиз айлана-чөйрөнү коргоого өбөлгө түзөт.

## 6. Таңгактоонун курамы жана башка маалыматтар

**Септолете® тотал препаратынын курамы**

Таасир берүүчү зат болуп бензидамин + цетилпиридиний хлориди саналат.
Жергиликтүү колдонуу үчүн спрейдин ар бир дозасы (болжол менен 0,1 мл) 0,150 мг бензидамин гидрохлоридин, 0,500 мг цетилпиридиний хлоридин камтыйт.
1 мл жергиликтүү колдонуу үчүн спрей 1,50 мг бензидамин гидрохлоридин, 5,00 мг цетилпиридиний хлоридин камтыйт.

Башка ингредиенттер (көмөкчү заттар) болуп төмөнкүлөр саналат: этанол, глицерол, макрогол глицерилгидроксистеараты, натрий сахаринаты, жалбыз жалбырактарынын майы, тазаланган суу. Септолете® тотал препараты этанолду камтыйт (2-бөлүмдү караңыз).

**Септолете® тотал препаратынын сырткы көрүнүшү жана таңгактын курамы**
Жергиликтүү колдонуу үчүн дозаланган спрей.
Препарат түссүздөн саргыч түскө чейин тунук эритмени элестетет.

Жогорку тыгыздыктагы полиэтилен флаконунда 30 мл (250 доза), дозалоочу түзмөк (помпа) менен жабдылган, чачыратуучу башы аралаш материалдын жасалган аппликатор түтүгү жана түстүү полипропиленден коргоочу капкагы менен препарат.
1 флакон медициналык колдонуу боюнча нускама (кошумча баракча) менен бирге картон кутуга салынат.

**Каттоо күбөлүгүнүн ээси жана өндүрүүчү**
«КРКА, д.д., Ново место» АК / KRKA, d.d., Novo mesto
Шмарьешка цеста 6, 8501 Ново место, Словения / Smarjeska cesta 6, 8501 Novo mesto, Slovenia

**Препарат жөнүндө ар кандай маалымат алуу үчүн, ошондой эле арыз - доолор пайда болгон учурларда, каттоо күбөлүгүнүн ээсинин өкүлүнө же каттоо күбөлүгүнүн ээсине кайрылуу керек.**

*Россия Федерациясы*
«КРКА-РУС» ЖЧКсы
143500, Москва обл., Истра ш., Москва көч., 50-үй
Тел.: +7 (495) 994-70-70
Факс: +7 (495) 994-70-78
Электрондук почтасынын дареги: krka-rus@krka.biz

*Беларусь Республикасы*
Беларусь Республикасындагы «KRKA, tovarna zdravil, d.d., Novo mesto» (Словения Республикасы) Акционердик коомунун өкүлчүлүгү
220114, Минск ш., Филимонов көч., 25Г үй, 315-кеңсе
Тел.: 8 740 740 9230
Факс: 8 740 740 9230
Электрондук почтасынын дареги: info.by@krka.biz

*Казакстан Республикасы*
«КРКА Казакстан» ЖЧШ
050059, Алмата ш., Аль-Фараби пр., 19-үй, 207-кеңсе
Тел.: + 7 (727) 311 08 09
Факс: + 7 (727) 311 08 12
Электрондук почтасынын дареги: info.kz@krka.biz

*Армения Республикасы*
Армения Республикасында «Крка, д.д., Ново место» өкүлчүлүгү
0001, Ереван ш., Налбандян көч., 106/1 үй («САЯТ-НОВА» БИЗНЕС-БОРБОРУ), 103-кеңсе
Тел.: + 374 11 560011
Электрондук почтасынын дареги: info.am@krka.biz

*Кыргыз Республикасы*
Кыргызстандагы «КРКА, товарна здравил, д.д., Ново место» АКтын өкүлчүлүгү
720040, Чүй областы, Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 71-үй, А блогу
Тел.: + 996 (312) 66 22 50
Электрондук почтасынын дареги: info.kg@krka.biz

**Кошумча баракча кайра каралып чыккан**

**Башка маалымат булактары**

Бул препарат жөнүндө толук маалыматтар Биримдиктин https://eec.eaeunion.org веб-сайтында камтылган.

Кошумча баракча Биримдиктин бардык тилдеринде Биримдиктин веб-сайтында жеткиликтүү.